КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

STEM инновациялык колледжи

ИНФОРМАЦИЯЛЫК-КОММУНИКАЦИЯЛЫК ДИСЦИПЛИНАЛАР ЦИКЛЫ

(ИКД)

# П А С П О Р Т

2023 - ж.

Ош мамлекеттик университетинин STEM инновациялык колледжи
Информациялык – коммуникациялык дисциплиналар циклынын

**П А С П О Р Т У**

Кыргыз Республикасынын Билим беруу жана илим министрлигинин 2017-жылдын 5-июлундагы № 920/1 буйругунун негизинде 2017-2018-окуу жылында 220206 -“ Информацияларды иштетүүнүн жана башкаруунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу (тармактар боюнча)”, 230701 -“Колдонмо информатика (тармактар боюнча)” адистиктерине лицензия алынып студенттерди кабыл алуу жүргүзүлгөн.

220206- “Информацияларды иштетүүнүн жана башкаруунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу (АСОИУ) адистигин 2017-жылдан 2019-жылга чейин МИТ факультетинин ИТАС кафедрасында жетектеп келген.

Ал эми 230701 “Колдонмо информатика” адистиги 2017-жылдан 2019-жылга чейин МИТ факультетинин Информатика кафедрасында иш алып барылган.

2019-2020-окуу жылында МИТ факультетинин күндүзгү окуу бөлүмүнүн орто кесиптик билим берүүнүн 1-тиркемедеги студенттерин ОшМУнун окумуштуулар Кеңшинин (2020-жыл, 28-февраль, №7 протокол) "Университеттин курамындагы структуралык түзүмдөрдүн, факультеттердин жана колледждердин эффективдүүлүгүн жогорулатуу жана учурдун талабына шайкеш келтирүү максатында аларды оптималдаштыруу чечиминин негизинде Индустриалдык педагогикалык колледждин курамына кошулуп 30.11.2020-жылдан бери № 1262ФХД/20 буйругунун негизинде Информациялык-коммуникациялык дисциплиналар кафедрасы деген аталыш менен ишмердүүлүгүн жүргүзүп келген. 2020-2021-окуу жылында өзгөрүү болгондугуна байланыштуу 24.03.2021-жылдын №990-ФХ/21 буйругунун негизинде “Информациялык-коммуникациялык дисциплиналар” циклы деген аталыш менен ишмердүүлүгүн жүргүзүп келүүдө.

Өндүрүштүк зарылчылыкка байланыштуу 2022-жылдын 26-август айында №3200-ФХД/22 буйругунун негизинде STEM инновациялык колледжинин курамына «Информациялык технологиялар» аталыштагы бөлүмдүн курамында которулуп келди.

Азыркы учурда циклда 1 доцент, 2 иш берүүчү (окутуучу), 2 айкалыштырган окутуучу, 1 улук окутуучу, 18 окутуучу, жалпы 24 окутуучу эмгектенет. Циклды Шакиров Кылычбек Курбанбекович жеткетеп келүүдө.

**Циклдын максаты:** Кесиптик ишмердүүлүгүндө технологиядагы жана илимдеги жаңы шарттарга интеграцияланган, эмгек рыногунда атандаштыкка туруштук бере алган, жоопкерчиликтүү, коммуникативдүү, толеранттуу, универсалдуу жана кесиптик компетенттүүлүктөргө ээ адистерди даярдоо.

**Циклдын милдеттери**:

- «Информацияларды иштетүүнүн жана башкаруунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу» (АСОИУ), «Колдонмо информатика» (ПИ) адистиктери боюнча жогорку квалификациялуу адистиктерди даярдоо;
- адистиктерди даярдоодо окуу-тарбиялык иштерди жогорку деңгээлде уюштурууну камсыздоо;
- жаңы информациялык технологиялар боюнча фундаменталдык жана прикладдык изилдөөлөрдү аткаруу;
- циклдын ишин сапаттуу пландаштыруу;
- лекциялык, практикалык жана лабораториялык сабактарды азыркы педагогикалык талаптарга ылайык жаңы информациялык технологияларды, заманбап усулдарды колдонуу менен өтүү;
- жаңы актуалдуу атайын курстарды, атайын семинарларды кийирүү жана иштеп чыгуу;
- окутуучулар жана студенттер үчүн илимдин жаңы багыттары жана окутуунун жаңы технологиялары менен байланышкан окуу-методикалык, илимий педагогикалык колдонмолорду иштеп чыгуу;
- циклдын методикалык ишин уюштуруу жана окуу-методикалык адабияттарды чыгаруу;
- студенттер менен тарбиялык иштерди алып баруу;
- циклдын багытына ылайык илимий - изилдөө иштерди жүргүзүү, окутуучу – профессордук курамдын сапатын жогорулатуу;
- студенттердин илимий, профессионалдык жана чыгармачылык потенциалын өнүктүрүү;

***Цикл тарабынан даярдалуучу адистиктер:***

- 220206 «Информацияларды иштетүүнүн жана башкаруунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу» - (АСОИУ) (лицензиясы бар, күндүзгү, сырткы бөлүмдөр);
- 230701 Колдонмо информатика экономика аймагында (ПИ) - (лицензиясы бар, күндүзгү бөлүм).

***Окуу процессин уюштурууда негизги иш-аракеттер:***

- Цикл боюнча окуу процессин оптималдуу уюштурууга жетишүү жана көзөмөлдөө;
- Предметтер боюнча кружокторду уюштуруу, олимпиадаларга даярдоо жана өткөрүү;
- Окутулуучу предметтер боюнча сынактар үчүн тесттерди түзүү жана талкуулоо;
- Бүтүрүүчүлөр үчүн обзордук лекцияларды жана консультацияларды уюштуруу;

- Модулдарды кабыл алууну уюштуруу, алынышын көзөмөлдөө жана талкуулоо;
- Циклдын графиги боюнча ачык сабактарды өткөрүү;
- Өндүрүштүк практиканы уюштуруу, көзөмөлдөө;
- Стейкхолдерлер менен жолугушууну өткөрүү жана көзөмөлдөө.

***Коомдук, тарбиялык жана спорттук иштер:***

Циклдагы тарбиялык иштер университеттин, колледждин тарбиялык иш пландарынын негизинде жүргүзүлөт. Куратолордун иштери жөнүндө маалыматтар циклдын чогулуштарында угулат жана талкууланат. Циклдын мүчөлөрү жана цикл башчысы курстарда, группаларда жана жатакананын бөлүмдөрүндөгү студенттери менен системалуу тарбиялык иштери жүргүзүлөт:

- бөлмөнү жасалгалоо, убакытты туура пайдалануу, сабактарга даярдануу, өзүн өзү тарбиялоо, жандүйнө байлыгын арттыруу, ж.б. боюнча диспуттары өткөрүлөт.
- куратолор группадагы студенттер менен куратордук чогулуштарды өткөрүлөт, группадагы студенттердин акыбалдары менен жакындан таанышышат, өздөрүнүн жардамдарын беришет.
- колледжде өткөрүлгөн ишембиликтерге жана кезекчиликтерге ар бир группа график боюнча катышышат.
- Жыл сайын окуу жылынын башында I- курстардын Спартакиадасына катышуу үчүн тогуз коргол, баскетбол, жеңил атлетика, күрөш, теннис, футбол, шахмат, волейбол сыяктуу спорт түрлөрү боюнча эркектердин жана кыздардын колледж боюнча колледждин командалар курамында катышышат. Спорттук иштер боюнча жооптуу циклдын окутуучусу Токсонбай уулу Куткелди.

***Материалдык-техникалык база:***

ИКД циклынын материалдык-техникалык базасы циклга караштуу: - 1 усулдук кабинет (№12), (№ 3, 5, 7, 9, 10) лабораториялык сабактар өтүү үчүн компьютердик класстар жана лекциялык сабактар үчүн аудиториялар бар.

*Циклдын жайгашкан дареги, иш телефону:* Ош шаары, Масалиев көчөсү 95 А/1, ОшМУ, STEM инновациялык колледжи, 1-этаж, 12-бөлмө, тел: 0772290302, 0554290302.